| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
|---|---|
| Ош мамлекеттик университетинин Окуу-усулдук бирикмесинин Координациялык кеңешинин төрагасы,<br>доцент Р.Н.Арапбаев _______________<br>"______" ________________ 2025-жыл | Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор К.Г.Кожобеков _______________<br>"______" __________________ 2025-жыл |

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН СТАНДАРТЫ

## БАГЫТ: 531600 ТЕОЛОГИЯ

## КВАЛИФИКАЦИЯСЫ: БАКАЛАВР

**Ош – 2025-жыл**

**531600 Теология** багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүү стандарты 2025-жылдын 04-июнь күнү Ош мамлекеттик университетинин Окуу-усулдук бирикмесинин социалдык экономикалык билим берүү багыттары боюнча тармактык комитетинин №4 токтому менен талкууланган.

Ош мамлекеттик университетинин Окуу-усулдук бирикмесинин Координациялык кеңешинин 2025-жылдын 24-июнунда №4 токтому менен жактырылган.

2025-жылдын 5-июлунда Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин №9 токтому менен бекитүүгө сунушталган.

Ош мамлекеттик университетинин ректорунун 2025-жылдын 5-июлунда №3426 буйругу менен бекитилген.

Билим берүү стандартына чет элдик төмөнкү эксперттерден бүтүмдөр алынган

**Фатманур Алибек Эрен** — Чукурова университетинин, теология факультетинин, ислам фундаменталдуу илиминин кафедрасынын профессору, PhD

**С.У. Абжалов** — Ходжи Ахмеда Ясави атындагы Эл аралык казак-түрк университенин теология факультенин деканы, ф.и.к.

**Юнус Ибрагимоглу** — Ширнак университетинин, теология факультетинин, ислам фундаменталдуу илиминин кафедрасынын доктору

| МАЗМУНУ | |
|---|---|
| 1-БӨЛҮМ. Жалпы жоболор | 4-бет |
| 2-БӨЛҮМ. Кыскартуулар | 5-бет |
| 3-БӨЛҮМ. Терминдер | 5-бет |
| 4-БӨЛҮМ. Колдонуу чөйрөсү | 7-бет |
| 5-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү жана эмгек сыйымдуулугу | 8-бет |
| 6-БӨЛҮМ. Негизги билим берүү программасын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга талаптар | 9-бет |
| 7-БӨЛҮМ. Билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү | 11-бет |
| 8-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына талаптар | 14-бет |
| 9-БӨЛҮМ. Билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына талаптар | 19-бет |
| 10-БӨЛҮМ. Билим берүү программасынын базалык окуу планынын үлгүсү | 25-бет |
| 1-тиркеме. Базалык окуу планынын жалпы эмгек сыйымдуулугунун бөлүштүрүлүшү | 27-бет |
| 2-тиркеме. Базалык окуу планынын жалпы билим берүү циклинин дисциплиналарынын каталогу | 28-бет |
| 3-тиркеме. Базалык окуу планынын “Жалпы билим берүү цикли” үчүн дисциплиналардын каталогу | 29-бет |

## 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**531600 Теология** багыты боюнча адистерди даярдоонун билим берүү стандарты ОшМУнун ректорунун буйругу менен бекитилген.

**531600 Теология** багыты боюнча билим берүү программасынын билим берүү стандарты жогорку кесиптик билим берүүнүн талаптарын эске алуу менен ОшМУда өз алдынча иштелип чыгып, бекитилген.

ОшМУда өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандарты (мындан ары – билим берүү стандарты) мамлекеттик билим берүү стандарттарына теңештирилген, жогорку кесиптик билим берүүнүн талаптарынын бирдиктүү структурасына ээ жана аларга билим берүүнүн биримдигин жана сапатын, көзөмөлдүн объективдүүлүгүн камсыз кылуу жагынан өз функцияларын аткарууга мүмкүндүк берет, ошондой эле ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын өнүктүрүүгө конкреттүү талаптарды белгилейт.

Ушул билим берүү стандартында белгиленген негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн шарттарына жана натыйжаларына карата талаптар мамлекеттик билим берүү стандарттарынын тиешелүү талаптарынан төмөн эмес.

Билим берүү стандартты төмөнкү тараптардын катышуусу менен иштелип чыккан:

1. ОшМУнун теология факультетинин окутуучулук - профессордук курамы;
2. Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын түштүк аймактык бөлүмү;
3. Сулайман улуттук тарыхый-археологиялык музей комплекси;
4. Ош облусунунун мусулмандарынын казысы, теология факультетинин бүтүрүүчүсү;
5. ОшМУнун финансы-юридикалык колледжи;
6. №77 Хамза атындыгы “Диндердин өнүгүү тарыхы”орто мектеби, теология факультетинин бүтүрүүчүсү;
7. Ислам академиясы;
8. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин теология факультети;
9. Кыргыз-түрк Манас университетинин теология факультети;
10. Ыйман гимназиясы;
11. Түркия, Анкара Йылдырым Беязыт университети теология факультети;
12. Түркия, Чукурова университети теология факультети;
13. Өзбекстан, Имам Матуридий эл аралык ислам изилдөө борбору;
14. Ахмет Ясави атындагы эл аралык казак-түрк университетинин теология факультети;
15. Түркия, Памуккале университети, теология факультети;
16. “Ыйман” коомдук фонду;
17. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Пробация департаментинин Ош жана Баткен облустары боюнча аймак аралык башкармалыгы.

Ушул Билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына, КРдин Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №654 “Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө", 2024-жылдын 5-февралындагы №45 "Мамлекеттик жогорку окуу жайларга өзгөчө статус берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомдоруна, 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, Кыргыз Республикасында квалификациялардын улуттук системасына, квалификациялардын улуттук алкагына, квалификациялардын Европалык системасына, квалификациялардын тармактык алкактарына, кесиптик стандарттарга таянат, ОшМУнун Уставына жана билим берүү стандарты бекитилген учурда колдонуудагы ченемдик-локалдык документтерине ылайык келет.

Бул Билим берүү стандартын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү тартиби "ОшМУда билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, бекитүү жана өзгөртүү жөнүндө" жобосу менен жөндөлөт.

## 2-БӨЛҮМ. КЫСКАРТУУЛАР

**МББС**- Мамлекеттик билим берүү стандарты
**ББП** –билим берүү программасы
**ЖКББ** -жогорку кесиптик билим берүү
**ОКББ** - орто кесиптик билим берүү
**ӨАИЧС** - өз алдынча иштелип чыккан билим берүү стандарты
**НББП**-негизги билим берүү программасы
**ОУБ** -окуу-усулдук бирикме
**ЖКК**- жалпы кесиптик копетенциялар
**КК** - кесиптик компетенциялар
**ОПК** –окутуучу-профессордук курам
**СЖОП**-студенттин жекече окуу планы
**ECTS** – Кредиттерди которуунун жана топтоонун европалык системасы

## 3-БӨЛҮМ. ТЕРМИНДЕР

Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул билим берүү стандартында төмөндөгү термин жана аныктамалар колдонулат:

- ***багыттарды даярдоо*** – ар кандай профилдеги, фундаменталдык даярдыктын жалпылыгына негизделип интеграцияланган, жогорку кесиптик билим берүүгө (адистер, бакалаврлар жана магистрлер) кадрларды даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- ***базалык окуу планы*** – багыт же адистик боюнча студентти кесипке даярдоону ишке ашырган толук окуу мезгилиндеги дисциплиналарынын каталогу (мындан ары окуу план). Окуу планы милдеттүү компонентти камтыйт (базалык жана ЖОЖдук), милдеттүү дисциплиналарды жана студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналарды окутууга бөлүнгөн кредиттердин санын жөнгө салат, практиканын мөөнөтүн жана түрлөрүн белгилейт;
- ***бакалавр*** – магистратурага тапшыруу жана кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн укук берүүчү жогорку кесиптик билим берүү квалификациясынын деңгээли;

- ***билим берүүнүн дистанттык формасы*** – маалыматтык технологиялардын жардамы менен өз алдынча билим алуу (аралыктан окутуу) формасы;

- ***билим берүүнүн онлайн формасы*** – реалдуу убакыт режиминде маалымат технологияларынын жардамы менен аралыктан (узактан) билим берүү;

- ***дисциплиналардын каталогу*** – тандоо курстары (элективдүү) үчүн билим берүү уюму тарабынан сунушталган дисциплиналар;

- ***компетенция*** – белгилүү бир тармактын натыйжалуу продуктивдүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон, окуучуну (окуп жаткандарды) билим берүүгө даярдоодо алдын ала берилген социалдык талаптар (ченемдер);

- ***кош квалификация*** – эки багыттын (профилдин)/адистиктин билим берүү стандарттарынын кесилишинде ишке ашырылган билим берүү программасы;

- ***кредит*** – негизги кесиптик билим берүү программасындагы эмгек сыйымдуулугун ченөөнүн шарттуу өлчөмү;

- ***негизги билим берүү программасы*** – шайкеш келген багытты даярдоо боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунун жана уюштурууну регламенттөөчү окуу-методикалык документациялардын жыйындысы;

- ***окутуунун жыйынтыгы*** – негизги билим берүү программасы /модуль боюнча окутуунун жыйынтыгында алынган компетенция;

- ***окутуунун кредиттик технологиясы*** – кредиттерди топтоо менен студенттин тандоосуна жана дисциплиналарды окуунун ырааттуулугун өз алдынча пландаштырууга негизделген окутуу;

- ***өз алдынча иштелип чыккан компетенциялар*** – стандартты иштеп чыгуучулар тарабынан киргизилген компетенциялар;

- ***профиль*** – кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрүнө жана (же) объектисине карата билим берүү программасынын багытталышы;

- ***семестрдик окуу планы*** – белгилүү бир академиялык мезгилде окуу процессин уюштуруу үчүн кызмат кылган окуу планы (анын ичинде семестрде окутуучулардын окутуу ишмердигинин эмгек сыйымдуулугун эсептөө);

- ***студенттин жекече окуу планы*** – студенттин семестр үчүн окуу программасын аныктайт, ал семестрге сунушталган окуу дисциплиналарынын негизинде түзүлөт;

- ***тандоо дисциплиналары*** – социалдык-экономикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн жана тигил же бул региондун керектөөлөрүн эске алуу менен билим берүү уюмдары тарабынан белгиленген кредиттердин алкагында тандоо компонентине киргизилген студенттин жекече даярдыгын чагылдырган окуу дисциплиналары;

- ***учурдагы ченемдик ички жоболор*** – ушул жобону ишеп чыгуу учурунда колдонулуп жаткан ченемдик ички жоболор;

- ***ECTS*** – Европалык кредиттерди которуу жана топтоо системасы;

- ***soft skills (жумшак көндүмдөр)*** – эмоционалдык жана чыгармачылык интелект, иштиктүү баарлашуу жана өзүн-өзү уюштуруу, стандарттык эмес кырдаалда креативдүү жана сынчыл көз караш менен мамиле кылуу;

- ***STEM көндүмдөр*** – заманбап технология, техника, инженерия, маалыматтарды колдонуу жана башкаруу.

## 4-БӨЛҮМ. КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

4.1. Ушул ОшМУда иштелип чыккан билим берүү стандартында "(мындан ары – билим берүү стандарты - ББС) жогорку кесиптик билим берүүнүн бакалавриат академиялык даражасындагы **531600 Теология** багыты боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга коюлган талаптардын жыйындысы көрсөтүлөт.

4.2. Бул Билим берүү стандарты **531600 Теология** багыты боюнча ЖКББ билим берүү программаларына адисти даярдоонун талаптарын белгилейт жана анын жыйынтыгы менен "бакалавр" квалификациясы ыйгарылат.

4.3. Ушул ЖКББ стандарты НББПсынын курамындагы базалык окуу пландарын, окуу дисциплиналардын, практикалардын жумушчу программаларын жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестатциянын программаларын иштеп чыгууда негиз болуп берет.

4.4. Билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- **531600 Теология** багыты боюнча билим берүү программасы адистерди даярдоодонун негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуудагы, иш жүзүнө ашырууда жана окутууда уюштуруу-методикалык документтердин негизи болот. Ошондой эле жогорку кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо, илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эске алуу менен толуктоо, жаңылоо, ошондой эле жетишилген окутуунун натыйжаларына системалуу мониторинг жүргүзүү максатында окутуучу-профессордук курамы колдонот;
- негизги билим берүү программасын өздөштүрүүдө өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу максатында студенттер колдонушат;
- өз компетенциясынын чегинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатына, окуу процессинин уюштурулушуна жооптуу болгон жетекчилиги, окуу-усулдук бирикмеси (тармактык комитеттери), факультеттердин декандары, институттардын жана колледждердин директорлору, кафедра башчылары, бөлүм башчылары, предметтик-циклдик комисиянын башчылары жана башкалар;
- бүтүрүүчүлөрүнүн окуу-жетишкендиктерин, билим сапатын баалоочу экзамендик жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялык комиссиялар;
- бүтүрүүчүлөрдү ишке кабыл алууда багытын аныктоо үчүн кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү чөйрөсүндөгү иш берүүчүлөр;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылаган уюмдар;
- билим берүү тармагында билим берүү программаларын аккредитациялоону ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу уюмдар;
- билим берүү системасындагы мыйзамдуулукту сактоону, көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу, жогорку кесиптик билим берүү тармагындагы сапатты көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү;
- абитуриенттер билим берүү багыттарын тандоодо колдонушат.

## 5-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЧЕНЕМДИК МӨӨНӨТҮ ЖАНА ЭМГЕК СЫЙЫМДУУЛУГУ

5.1. Абитуриенттердин билиминин деңгээлине карата талаптар. Бакалавриатка тапшырууда абитуриент төмөнкү документтердин бирине ээ болууга тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестатка;
- башталгыч кесиптик билими жөнүндө дипломго (жалпы орто билими жөнүндө документи болсо);
- орто кесиптик билими жөнүндө дипломго;
- жогорку кесиптик билими жөнүндө дипломго.

5.2. Ушул билим берүү стандартына ылайык билим берүү программасын ишке ашырууда окутуунун төмөнкү формасында **“бакалавр”** квалификациясына ээ болушу мүмкүн:

- күндүзгү (онлайн).

5.3. **531600 Теология** багыты боюнча бакалаврды даярдоодо билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуутунун формасына, колдонулган билим берүү технологияларына, кош квалификация берүүгө, тармактык билим берүү (бир нече билим берүү уюмдары тарабынан программанын ишке ашырылышы) формасына, студенттин жекече окуу планына, анын ичинде тездетилген окутуунун түрүнө карабастан, бакалавр 240 кредиттен кем эмес болууга тийиш.

Кош квалификация берилген учурда эки багыттын стандартынын кесилишинде ишке ашырылат жана билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу 60 кредиттен кем эмес өлчөмгө көбөйтүлүп, окуу мөөнөтү 1 жылдан кем эмес мөөнөткө узартылат.

5.4. Күндүзгү окуу үчүн билим берүүнүн стандарттык окуу мөөнөтү мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин берилүүчү каникулдарды кошо алганда бакалавр 4 жылды түзөт.

5.5. Билим алуучунун жекече окуу планы боюнча билим берүү мөөнөтүнүн нормалары билим берүү уюмунун академиялык саясатынын жана окуу жараянын уюштуруу боюнча ченемдик-актылык документтердин негизинде аныкталат.

5.6. Кредиттик билим берүү технологиясын колдонуу менен окуу жараянын уюштурууда ар бир академиялык дисциплинанын көлөмү академиялык кредиттердин бүтүн санын түзөт. Окуу пландарындагы окуу иштеринин бардык түрлөрүнүн сыйымдуулугу академиялык ECTS кредиттер менен белгиленет. 1 академиялык кредит 30 академиялык саатка барабар (аудиториялык, өз алдынча иштерди жана аттестациянын бардык түрлөрүн кошкондо). Окутуунун кредиттик системасы боюнча академиялык сааттын узактыгы 45 мүнөттөн кем эмес белгиленет.

5.7. Жогорку кесиптик билим берүүнүн НББПсынын күндүзгү окуу формасынын жылдык эмгек сыйымдуулугу 60 кредит жана семестрдеги эмгек сыйымдуулугу 30 кредит.

5.8. ЖКББ НББПсынын окутуунун күндүзгү окуу формасы ошондой эле билим берүүнүн ар түрдүү дистанттык окутуунун технологияларын колдонуу менен бир окуу жылындагы эмгек сыйымдуулугу бакалавриат үчүн 48 кредиттен кем эмес.

5.9. Тездетилген программаларды ишке ашырууда окуу мөөнөтүн билим берүү уюму мурдагы билим алууда билим алуучу өздөштүргөн (өткөн) айрым дисциплиналар (модулдар) жана/же жумуш ордунда окутуунун айрым түрлөрү боюнча окутуунун натыйжаларын толугу менен же жарым-жартылай кайра аттестациялоонун (кайра зачёттоонун) натыйжалары боюнча аныктайт.

5.10. Тиешелүү профилдеги орто кесиптик билими же жогорку кесиптик билими бар адамдарга билим берүү уюму мурдагы билим берүүнүн жана окутуунун натыйжаларын таанууну эске алуу менен тездетилген программалар боюнча билим берүү программасын өздөштүрүүгө укук берет. Орто кесиптик билимдин профилинин ЖКББ профилине дал келиши билим берүү уюму тарабынан өз алдынча аныкталат.

5.11. Билим берүүнүн онлайн жана дистанттык формасы колдонулган учурда практикалардын бардык түрлөрүн жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону онлайн жана дистанттык формада өткөрүүгө (уюштурууга) жол берилбейт.

## 6-БӨЛҮМ. НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУГА ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУГА ТАЛАПТАР

6.1. Билим берүү уюму эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларын өз алдынча иштеп чыгат. Негизги билим берүү программасы **531600 Теология** багыты боюнча билим берүү стандартынын, квалификациялардын улуттук алкагынын, квалификациялардын тармактык/сектордук алкактарынын жана кесиптик стандарттардын негизинде иштелип чыгат.

6.2. Жогорку кесиптик билим берүүнүн **531600 Теология** багыты боюнча НББПнын **максаттары**:

- **окутуу жаатындагы**: теология багыты боюнча алган билимдерин илимий негизде улантууга, диний маселелерди илимий чечүү жолдорун сунуштай алган, педагогикалык ишмердүүлүк жүргүзө ала турган жана эксперттик ишмердүүлүккө колдонууга даяр адис болуу менен динге байланыштуу бардык тармактарда тиешелүү тараптардын талаптарына жараша адистерди даярдоо;
- **инсанды тарбиялоо жаатындагы**: студенттерде инсандык сапаттарды өнүктүрүү, теология багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү стандартына ылайык жалпы маданий жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу.

6.3. Билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен НББПны кызыкдар тараптардын сунуштарына ылайык 5 (беш) жылда бир жолудан кем эмес жаңылайт. Билим берүү программаларын жаңылоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияны иштеп чыгууну;
- билим берүү программаларына мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүүнү;
- иш берүүчү менен макулдашылган бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясына карата талаптардын негизинде билим алуучулардын билим жана билүү деңгээлдерин, көндүмдөрүн, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгууну;
- педагогикалык курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууну;
- ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууну, аларды пайдалануунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөнү;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген аккредитациялоонун минималдуу талаптары боюнча өзүн-өзү баалоону үзгүлтүксүз жүргүзүүнү;
- өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө коомчулукка маалымдоону.

6.4. Билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- социалдык-маданий чөйрөнү түзүүгө;
- инсанды ар тараптан өнүктүрүү жана социалдаштыруу, билим алуучулардын ден соолугун сактоо үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- билим берүү жараянынын тарбиялык/окуудан тышкаркы компоненттерин өнүктүрүүгө, анын ичинде өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, билим алуучулардын коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусуна өбөлгө түзүүгө.

6.5. Билим берүү программасынын ар бир циклине тиешелүү дисциплиналардын (модулдардын) топтому жана алардын сыйымдуулугун билим берүү уюму (билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары факультет, институт) тарабынан өз алдынча аныкталат.

6.6. НББПнын дисциплиналарынын топтому милдетүү (базалык) жана тандоо бөлүгүн камтууга тийиш. Тандоо курстары кесиптик цикл үчүн сунушталат жана ал үчүн дисциплиналардын каталогу билим берүү уюму (билим берүү уюмунун тиешелүү структуралары факультет, институт) тарабынан аныкталат.

6.7. Дисциплиналардын милдеттүүлүк даражасы, аларды өздөштүрүүнүн ырааттуулугун жана эмгек сыйымдуулугун “А”, “В” жана “С” топторуна бөлүштүрүү билим берүү уюмунун окуу процессин уюштуруу жөнүндөгү жоболоруна жана ушул Макеттин тиркемелерине ылайык уюштурулат.

6.8. Билим берүү уюму билим алуучуларга НББПнын окуу курстарынын (дисциплиналардын, модулдардын) жеткиликтүү болушун камсыздоого, киришүү курстарын өткөрүүгө, билим алуучунун жекече окуу траекториясын түзүү үчүн тандоо курстарын жана каалоолорун сурамжылоо аркылуу аныктоого милдеттүү. Билим алуучу билим берүү уюму тарабынан берилүүчү академиялык консультанттын катышуусу менен өзүнүн жекече окуу планын түзөт.

6.9. Билим берүү уюму НББПны түзүүдө билим алуучуларды укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, билим алуучулар тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү экендигин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан аз болбоого тийиш экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

6.10. Билим берүү уюму билим берүү программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда гендердик теңчилик саясатын эске алууга, социалдык инклюзияны камсыз кылууга, ошондой эле санариптештирүүнү өнүктүрүүгө милдеттүү.

6.11. Билим берүү программасын ишке ашырууда билим алуучулардын укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар:

- билим алуучулар жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасынын алкагында билим алуучулардын тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде конкреттүү дисциплиналарды тандап алууга укуктуу;

- өзүнүн жеке билим берүү траекториясын түзүүдө билим алуучу билим берүү уюмунан дисциплиналарды тандоо жана алардын келечектеги кесипке/адистикке тийгизген таасири боюнча консультация алууга укуктуу;
- компетенцияларды өнүктүрүү бөлүгүндө билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында билим алуучулар студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга укуктуу;
- билим алуучулар билим берүү уюмунун билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү;
- билим алуучунун окуу жүктөмүнүн көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн кошкондо жумасына 38 сааттан кем эмес белгиленет. Окуу жүктөмүнүн жумалык максималдуу көлөмү билим берүү уюму тарабынан белгиленет;
- окутуунун күндүзгү формасында бакалаврды даярдоодо аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына жалпы көлөмдүн 35%нан кем эмес;
- окуу жылындагы каникул мезгилинин жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзүп, анын ичинде окуу мөөнөтүнө жараша кыш мезгилинде эки жумадан кем болбоого тийиш.

## 7-БӨЛҮМ. 531600 ТЕОЛОГИЯ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮНҮН КЕСИПТИК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

7.1. **531600 Теология** багыты боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик **ишмердүүлүгүнүн багыттарына** төмөнкүлөр кирет:

**Мамлекеттик жана диний билим берүү жана илимий изилдөөлөр**

- Мамлекеттик билим берүү мекемелеринде билим берүү процессин уюштуруу жана окутуу;
- Диний билим берүү мекемелеринде диний билим берүү процессин уюштуруу жана окутуу;
- Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүү;
- Диний-илимий изилдөөлөрдү жана долбоорлорду ишке ашыруу;
- Окуу-усулдук документацияны иштеп чыгуу жана өркүндөтүү.

**Маданият жана искусство**

- Негизги руханий баалуулуктарды ишке ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу;
- Маданий жана диний-агартуу иш-чараларын уюштуруу;
- Музейлердеги диний тарыхый экспонаттарды изилдөө жана системалаштыруу;
- Диний искусство жана маданият боюнча экскурсияларды өткөрүү.

**Башкаруу жана администрациялоо**

- Диний тартипти жана ишеним эркиндигин камсыз кылуу механизмдерин өнүктүрүү;
- Медиация жана диний уюмдардын мамлекеттик түзүмдөр менен өз ара аракеттенүүсүн жөнгө салуу;
- Диний жана маданий саясатты башкаруу жаатында ишмердүүлүк жүргүзүү.

**Мамлекеттик саясат жана коопсуздукту камсыз кылуу**

- Коопсуздук саясаты боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- Диний чөйрөдөгү мыйзамдык жана нормативдик актыларды талдоо жана иштеп чыгуу;
- Экстремизмдин жана радикалдашуунун алдын алуу боюнча иш-чараларды уюштуруу.

**Социалдык кызмат көрсөтүү**

- Диний уюмдардагы социалдык ишмердүүлүктү жүргүзүү;
- Диний жана руханий жардам көрсөтүү программаларын ишке ашыруу;
- Социалдык-диний долбоорлорду иштеп чыгуу жана жүргүзүү.

**Аналитикалык жана эксперттик ишмердүүлүк**

- Диний маселелер боюнча эксперттик корутундуларды даярдоо;
- Диний маалыматтарды топтоо жана талдоо ыкмаларын колдонуу;
- Китепканалардагы жана архивдердеги диний жана дин таануу материалдарын изилдөө жана каталогдоо;
- Диний чөйрөдөгү социалдык жана укуктук изилдөөлөрдү жүргүзүү.

7.2. **531600 Теология** багыты боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик **ишмердүүлүгүнүн объекттери** болуп төмөнкүлөр саналат**:**

- негизги руханий баалуулуктарды ишке ашыруу механизмдери;
- диний тартипти жана ишеним эркиндигин камсыз кылуу жолдору;
- диний-илимий изилдөөлөр жана долбоорлор;
- мамлекеттик билим берүү процессин уюштуруу жана окутуу;
- диний билим берүү процессин уюштуруу жана окутуу;
- диний маалыматтарды чогултуу жана талдоо ыкмалары;
- музейлердеги диний тарыхый экспонаттар;
- китепканалардагы жана архивдердеги диний жана дин таануу материалдары;
- маалымат каражаттарындагы дин жана диний көз караштар боюнча материалдар;
- басмаканалардагы диний адабияттар жана теологиялык эмгектер;
- диний билим берүү жана тарбиялоо процесси, окуу-усулдук документация, окутуу жана тарбиялоо ыкмалары, окуучулар;
- диний маселелер боюнча эксперттик корутундулар жана талдоо иштери;
- социалдык-диний долбоорлор.

7.3. **531600 Теология** багыты боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрү “бакалавриат” академиялык деңгээлинин “Бакалавр” квалификациясын ыйгаруу менен окуу тармагында даярдала турган **кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрү:**

- илимий-изилдөөчүлүк;
- уюштурууучулук жана башкаруучулук;
- аналитикалык жана эксперттик;
- долбоорлоо жана конструктордук;
- педагогикалык;
- диний жана маданий-агартуучулук;

- социалдык жана консультациялык ишмердүүлүк.

7.4. **531600 Теология** багыты боюнча “Бакалавр” квалификациясы ыйгарылган адис кесиптик ишмердүүлүктүн түрүнө (түрлөрүнө) ылайык, төмөнкү **кесиптик милдеттерди чечүүгө даяр**:

1. **илимий-изилдөөчүлүк:**
   - жогорку квалификациялуу адистин жетекчилиги астында теологиялык жана сабактар аралык изилдөөлөргө катышуу;
   - илимий маалыматтарды чогултуу, классификациялоо жана системалаштыруу;
   - илимий-изилдөө долбоорлоруна катышуу, рефераттар жана библиографияларды түзүү;
   - китепканалардагы жана архивдердеги диний жана дин таануу материалдарын изилдөө жана каталогдоо;
   - семинарларга, илимий-практикалык конференцияларга жана симпозиумдарга катышуу.
2. **педагогикалык ишмердүүлүк:**
   - теология жана руханий-адептик маданият боюнча билимдерди окутуу;
   - билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана өркүндөтүү;
   - руханий-адептик жана патриоттук тарбия берүү маселелерин чечүү;
   - конфессиялардын окуу-тарбия жана агартуу иштерин камсыздоого катышуу.
3. **уюштуруу-башкаруучулук:**
   - диний, этникалык жана улуттук чөйрөдөгү конфликттерди алдын алуу жана чечүү боюнча теологиялык билимдерди колдонуу;
   - мамлекеттик-конфессиялык жана коомдук-конфессиялык өз ара аракеттенүүнү теоретикалык жана практикалык камсыздоого катышуу;
   - диний уюмдардын ишмердүүлүгүн башкаруу жана пландаштыруу;
   - коопсуздукту камсыдоо жана экстремизмдин алдын алуу боюнча мамлекеттик саясатты жүргүзүүгө көмөк көрсөтүү;
   - диний уюмдарда социалдык ишмердүүлүктү жүргүзүү.
4. **аналитикалык жана эксперттик ишмердүүлүк:**
   - диний маселелер боюнча эксперттик корутундуларды жана аналитикалык баяндамаларды даярдоо;
   - диний маалыматтарды талдоо жана алар боюнча илимий тыянактарга негизделген чечимдерди иштеп чыгуу;
   - диний чөйрөдөгү социалдык жана укуктук изилдөөлөрдү жүргүзүү.
5. **диний жана маданий-агартуучулук, долбоорлоо жана консультациялык ишмердүүлүк:**
   - диний, социалдык жана билим берүү тармагында долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
   - руханий-адептик жана социалдык маселелер боюнча консультация берүү;
   - реабилитация жана инклюзия боюнча долбоорлорго катышуу жана консультация берүү;
   - диний искусство жана маданият боюнча экскурсияларды жана ыйык жерлерде

зыяраттарды өткөрүү.

## 8-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫНА ТАЛАПТАР

8.1. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында бүтүрүүчүдө төмөнкү **жалпы компетенциялар (ЖК)** калыптанышы керек.

| Багыттар | Компетенциялар | Окутуунун натыйжасы (ОН) |
|---|---|---|
| **Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр** | **ЖК-1:** Эл алдында баяндама жасайт; өз кебинин стилин, түрүн тандайт жана аны баяндайт; өз пикирин жазма-оозеки формада туура, так билдирет жана далилдейт; изилдөөнүн жыйын-тыктарын кесиптик чөйрөдө кыргыз, орус жана чет тилдеринде алып чыгат. | **ОН-1:** Үч тилде баарлашат: кыргыз жана орус тилдеринде В2 деңгээлинде, чет тилдердин биринде В1 деңгээлинде кесиптик чөйрөдө кеп ишмердүүлүгүн жүргүзөт. |
| **Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар** | **ЖК-2:** Кесиптик ишмердүүлү-гүндө инсандык-жарандык мамилелерди сын көз караш менен талдайт жана баа берет, мамлекеттүүлүктүн философия-сын, жарандык иденттүүлүктү, патриоттуулукту, жалпы адам-заттык жана улуттук баалуу-луктарды өркүндөтүүгө багыт-талган идеяларды демилгелөөгө жана аткарылышын камсыздоого жөндөмдүү. | **ОН-2:** Инсандык, улуттук иденттүүлүктү сактоо менен жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды урматтайт, өнүгүүсүнө жана жайылтылышына кам көрө алат, мамлекеттин кызыкчылыктарына жана социалдык чөйрөдө инсандык, жарандык жоопкерчилик мамиледе болот. |
| **Soft skills (жумшак көндүмдөр)** | **ЖК-3:** Жаңы идеяларды генерациялайт жана креативдүү ой жүгүртүү менен тышкы чөйрөдөгү инновацияларга жана күтүүсүз кырдаалдарга ыңгай-лаша алат;<br>Долбоорлорду уюштуруу жана ишкердик жүргүзүүдө анали-тикалык ойлонот жана сын көз караш менен аракеттене алат. | **ОН-3:** Идеяларды жаратууга жана сынчыл ой жүгүртүүгө, башка көз караштарды интеграциялоого жана талдоого жөндөмдүү, профессио-налдык чөйрөдө аргументтүү жана конструктивдүү ойлонот, ишкер-дик жүргүзүүдө стандарттык эмес кырдаалда өзүн-өзү башкарат, пси-хологиялык туруктуулукту жана изилдөөчүлүк жөндөмдөрдү колдоно алат. |
| **STEM көндүмдөр** | **ЖК-4:** Санариптик медиа тексттерди, инфографикаларды, негизги математикалык, инже-нердик, илимий принциптерди | **ОН-4:** Заманбап маалыматтык-телекоммуникациялык техноло-гияларды жана |

| | | |
|---|---|---|
| | колдоно алат, санариптик жана креативдүү экономиканын ар кандай бизнес чөйрөлөрүндөгү жаңы тенденцияларга ыңгайлаша алат. | математикалык методдорду колдонот, техника-лык, санариптик жана креативдүү экономиканын тенденцияларына ийкемдүү мамиле жасайт. |

8.2. **531600 Теология** багытынын бүтүрүүчүсү төмөндөгү **жалпы кесиптик компетенцияларга** ээ болусу керек:

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан жалпы кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| ***Педагогика багытындагы билим берүү программалары үчүн "Педагогика" дисциплинасынын компетенциялары*** | |
| **ЖКК-1** | Үйрөнүүчүлөр кесиптик маселелерди чечүүдө педагогикалык билимдерин пайдаланат жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын колдоно алат (колдонууга жөндөмдүү) |
| **ЖКК-2** | Үйрөнүүчүлөр кесиптик маселелерди интеграциялап окутуу жараянын натыйжалуу жүргүзүүгө мүмкүндүк берген көндүмдөрдү өздөштүрүү аркылуу өзүнүн ишмердүүлүгүн креативдүү өнүктүрүүгө милдеттерди коё алат (коюуга жөндөмдүү) |
| **ЖКК-3** | Үйрөнүүчүлөр адамзаттык, улуттук баалуулуктардын негизинде таалим-тарбиянын принциптерине таянып, сапаттуу билим алуу (окутуу) саясатын түшүнүп, илимий теорияларга негизделген билимдерди жана көндүмдөрдү кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана алат (пайдаланууга жөндөмдүү) |
| **ЖКК-4** | Үйрөнүүчүлөр, коомчулук менен биргеликте таалим-тарбиянын максаттарына жетүү үчүн инсанга багытталган билим берүү принциптеринин негизинде бардык үйрөнүүчүлөргө ылайыктуу педагогикалык шарттарды түзүп, окутуунун/ тарбиялоонун теорияларын жана заманбап технологияларын (методдорун, формаларын, каражаттарын) чыгармачылык менен колдонуп, креативдүүлүгүн өнүктүрүү аркылуу сапатты камсыз кыла алат (камсыз кылганга жөндөмдүү) |
| **ЖКК-5** | Таалим-тарбия маселелери боюнча алынган теориялык билимдердин негизинде эксперттик-кеңеш берүүчү иштерге, инновациялык долбоорлорго катышууга, ошондой эле учурдагы коомдук-маданий параметрлерди эске алуу менен долбоорлорду иштеп чыга алат (иштеп чыгууга жөндөмдүү) |
| **ЖКК-6** | Үйрөнүүчүлөр таалим-тарбия программаларын өз алдынча иргеп, аларга дидактикалык материалдарды тандап, окуу-тарбия процессинде адаптациялагандан кийин педагогикалык рефлексиянын негизинде колдоно алат (колдонгонго жөндөмдүү) |
| **ЖКК-7** | Жумуш жана окутуу тармагында мамлекеттик, расмий жана дагы бир чет тилинде ишке байланыштуу болгон баарлашууну жүргүзө алууга жөндөмдүү |

| | |
|---|---|
| **ЖКК-8** | Кесиптик ишмердүүлүктө ишкердик билимдерин жана тажрыйбаларын колдоноо билүүгө жөндөмдүү |

8.3. **531600 Теология** билим берүү багыты боюнча “Бакалавр” квалификациясына ээ болгон бүтүрүүчү кесиптик ишмердүүлүктүн түрүнө шайкеш келген төмөндөгүдөй **кесиптик компетенцияларга** ээ болушу керек:

**илимий-изилдөөчүлүк чөйрөсүндөгү кесиптик ишмердик**

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК-1** | Жогорку квалификациялуу адистин жетекчилиги астында теологиялык жана дисциплиналар аралык изилдөөлөргө катышууга жөндөмдүү |
| **КК-2** | Изилдөөнүн темасы боюнча илимий маалыматты чогултууга, анализдөөгө, классификациялоого жана систематизациялоого жөндөмдүү |
| **КК-3** | Семинарларга, илимий-практикалык конференцияларга, симпозиумдарга, илимий-изилдөө долбоорлордун ишине катышууга жөндөмдүү |

**Билим берүү чөйрөсүндөгү кесиптик ишмердик**

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК-4** | Билим берүү программаларын иштеп чыгууга жөндөмдүү |
| **КК-5** | Руханий-нравалык жана патриоттук тарбия маселелерин чечүүгө жөндөмдүү |
| **КК-6** | Диний окуу-тарбия жана агартуучулук ишмердигин камсыздоого жөндөмдүү |
| **КК-7** | Салттуу билим берүү технологияларын жана заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды окуу процессинде (окутуунун заманбап технологиялары) колдонууга жөндөмдүү |

**уюштуруучулук жана башкаруучулук чөйрөсүндөгү кесиптик ишмердик**

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК-8** | Коллективде уюштуруу иштерин жүргүзүүдө, диний, этникалык жана улуттук жаатында конфликттерди, экстремизм, терроризм жана диний топтордун деструктивдик иштерин алдын алуу жана каршылык көрсөтүү чөйрөсүндөгү маселелерди чечүү үчүн теология багыты боюнча алган билимин колдонууга жөндөмдүү |

| | |
|---|---|
| **КК-9** | Коллективде уюштуруу иштерин жүргүзүүдө мамлекеттин, коомдун жана диний уюмдардын кызматташуусуна теоретикалык жана практикалык жардам берүүгө жөндөмдүү |

**аналитикалык жана эксперттик чөйрөдөгү кесиптик ишмердик**

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК-10** | Диний маселелер боюнча эксперттик корутундуларды жана аналитикалык баяндамаларды даярдоого жөндөмдүү |
| **КК-11** | Диний маалыматтарды талдоо жана алар боюнча илимий тыянактарга негизделген чечимдерди иштеп чыгууга жөндөмдүү |
| **КК-12** | Диний чөйрөдөгү социалдык жана укуктук изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жөндөмдүү |

**долбоорлоо жана конструктордук чөйрөдөгү кесиптик ишмердик**

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК-13** | Диний, социалдык жана билим берүү тармагында долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашырууга жөндөмдүү |
| **КК-14** | Руханий-адептик жана социалдык маселелер боюнча консультация берүүгө жөндөмдүү |
| **КК-15** | Диний уюмдардын жана окуу жайлардын ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга жөндөмдүү |
| **КК-16** | Реабилитация жана инклюзия боюнча долбоорлорго катышууга жана руханий агартуучулук жаатында консультация берүүгө жөндөмдүү |

**диний жана маданий агартуучулук чөйрөдөгү кесиптик ишмердик**

| Компетенциялардын номери | Өз алдынча иштелип чыккан кесиптик компетенциялардын мазмуну |
|---|---|
| **КК-17** | Диний-агартуу жана маданий иш-чараларды уюштурууга жөндөмдүү |
| **КК-18** | Диний искусство жана маданият боюнча экскурсияларды жана ыйык жерлерге зыяраттарды өткөрүүгө жөндөмдүү |

## 9-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ШАРТТАРЫНА ТАЛАПТАР

**9.1. Билим берүү программасын ишке ашырууда кадрларга талаптар**

**9.1.1. Окуу процессин кадрлар менен камсыздоонун жалпы талаптары:**

Бакалаврларды даярдоодо НББПсын  ишке ашырууда, базалык билими жана академиялык "магистр"/“адис”, даражасы бар, окутуп жаткан дисциплинасы багытына туура келген жана системалуу түрдө илимий жана илимий-методикалык ишмердүүлүк менен алек болгон педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек.

Билим берүү программасын тейлеген окутуучу-профессордук курамдын сапаттык көрсөткүчү мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген пайыздан кем эмес болушу керек, илимдин кандидаты жана доктору, илимий даражасы жана (PhD) академиялык наамы бар окутуучулар менен камсыз болуусу зарыл;

Билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү 60 %дан кем болбошу керек.

**9.1.2. Окуу процессин кадрлар менен камсыздоонун билим берүү багытынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык талаптары**

Билим берүү программасын ишке ашырууда окутуучулардын курамы белгилүү талаптарга жооп берүүгө тийиш. Окутуучулардын жалпы санынын кеминде **40%** илимий даражасы бар адистерден (илимдин кандидаты, доктору же аларга теңештирилген адистер) түзүлүшү керек.

**9.2. Окуу процессинин окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздалышына талаптар**

**9.2.1. Адабияттар фондуна талаптар**

Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек.

Билим алуучулардын билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен камсыз болушу лицензиялык талаптарга ылайык келүүгө тийиш. Окутулуучу маалымат булактары заманбап талаптарга жооп бериши керек.

Милдеттүү окуу китептеринин жана методикалык куралдардын бир студентке 0,5 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек (лицензиялык талаптарга ылайык болуусу). Ар бир студент бирден кем эмес болгон билим берүү программасына кирген кесиптик циклдагы ар бир сабак боюнча окуу китеби же бир окуу-усулдук же басма колдонмо түрүндөгү же электрондук басма менен камсыздалышы керек.

**9.2.2. Электрондук окуулуктарга талаптар**

Окуу планындагы ар бир дисциплина (модуль) боюнча милдетүү жана кошумча окуу китептеринин электрондук китепканада камсыздалышы шарт.

Электрондук-китепкана система ар бир билим алуучуга электрондук окуулуктарды колдонуу үчүн интернет желеси жана окуу жайдын санариптик платформалары жекиликтүү болуусу керек (компьютердик кааналар, методикалык кааналарда орункдуктар жетиштүү .

Ата мекендик жана чет элдик ЖОЖдор жана уюмдар менен ыкчам маалымат алмашуу Кыргыз Республикасынын  интеллектуалдык менчик жөнүндө мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик тармагында эл аралык келишимдердин талаптарын сактоо менен ишке  ашырылышы керек.

Окуп жаткандар үчүн заманбап кесиптик маалымат базаларына, маалымат, сурап-билүү жана издөө системаларына жеткиликтүү болууга тийиш.

Китепкана фонду акыркы 10 жылда басылып чыккан базалык бөлүмдүн бардык циклинин окуу предметтери боюнча негизги окуу адабиятынын басма жана электрондук басмалары менен толукталышы керек.

Ар бир студентке китепкана фондунун комплекттерине (басма же электрондук, анын ичинде электрондук жазылуу аркылуу жеткиликтүү болгон) жеткилик камсыздалышы керек. Бул фонд кесиптик циклге ылайык келген, ВАК тизмесиндеги жок дегенде 6 аталыштагы жергиликтүү журналды жана жок дегенде 15 аталыштагы алдыңкы чет элдик журналды камтышы керек.

**9.2.3. Окуу-усулдук материалдардын (комплекстердин) электрондук формаларынын санариптик платформаларына жайгаштырууга талаптар:**

Окуу-усулдук материалдардын (комплекстердин) (силлабус, жумушчу программалары, баалоо каражаттары, электрондук китептер, видеоматериалдар, видео сабактар жана башка окуу ресурстары) окуу жылынын башталышынан 1 жума мурун санариптик платформаларга жайгаштырылышы зарыл.

Негизги билим берүү программасы окуу-методикалык иш кагаздары жана билим берүү программасынын бардык окуу курстарынын окуу-методикалык документациясы, дисциплиналар (модулдар) менен камсыздалышы керек. Ошондой эле, электрондук китептер, санарип лекциялар, интерактивдүү окуу материалдары жана практикалык тапшырмалар жеткиликтүү болушу шарт.

Ар бир окуу дисциплинасынын (модулдун) мазмуну Интернет тармагына же билим берүү мекемесинин тиешелүү санариптик платформаларына жайгаштырылышы керек. Окуу материалдары тексттик, аудио жана видео форматтарда берилип, студенттер үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлүшү зарыл.

Студенттерге жергиликтүү жана чет элдик жогорку окуу жайлары, ишканалар жана уюмдар тарабынан жарыяланган маалыматка ыкчам жетүү мүмкүнчүлүгү камсыздалышы керек. Ошондой эле, заманбап кесиптик маалымат базаларына, электрондук китепканаларга, маалыматтык-аныктамалык жана издөө системаларына жеткиликтүүлүк болушу шарт.

**9.3. Окуу процессинин материалдык-техникалык камсыздалышына талаптар**

Билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге ылайык келген билим берүү уюмунун окуу планында каралган, окуучулардын лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык даярдоонун бардык түрлөрүн, практикалык жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүнү камсыз кылуучу материалдык-техникалык базага ээ болушу керек.

Билим берүү программасын ишке ашыруучу уюм заманбап талаптарга жооп берген материалдык-техникалык базага ээ болушу керек. Сабактар үчүн адистештирилген лекция залдары, диний тексттерди талдоо жана изилдөө жүргүзүү үчүн китепканалар, ошондой эле диний тажрыйбаларды үйрөнүүгө ылайыкталган окуу лабораториялары болушу зарыл.

Окуу процессинде электрондук жана санариптик ресурстар маанилүү орунду ээлейт. Электрондук базалар менен иштөө мүмкүнчүлүгү түзүлүп, теологиялык маалыматтарды издөө жана анализдөө үчүн атайын программалык камсыздоолор каралышы керек. Ошондой эле, интерактивдүү окуу платформалары аркылуу студенттерге жеткиликтүү билим алуу шарттары түзүлүүгө тийиш.

Практикалык сабактарды өткөрүү үчүн теологиялык билимди бекемдөөчү мультимедиалык класстар зарыл. Видеоконференция өткөрүү мүмкүнчүлүгү бар

аудиториялар, онлайн лекциялар жана вебинарлар үчүн колдонулуп, аудиовизуалдык материалдар менен иштөө үчүн заманбап жабдуулар менен камсыздалышы керек.

Студенттердин кесиптик тажрыйба алуусун камсыздоо максатында мекемелер менен кызматташтык программалары уюштурулуп, студенттер тиешелүү мекемелерде, изилдөө борборлорунда практикадан өтүүсү үчүн атайын системалар иштелип чыгышы абзел.

**9.3.1. Атайын кабинеттер (лабораториялык, компьютердик, мультимедиалык ж.б.)**

Билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге ылайык келген билим берүү уюмунун окуу планында каралган, окуучулардын лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык даярдоонун бардык түрлөрүн, практикалык жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүнү камсыз кылуучу материалдык-техникалык базага ээ болушу керек:

**Билим берүү уюму 530016 Теология багыты боюнча төмөнкүдөй атайын кабинеттерди уюштуруусу керек.**

Лекциялык залдар-лекциялык сабактарды өткөрүү үчүн интерактивдүү окутууга ылайыкталган, Интернетке туташтырылган видеопроекторлор, интерактивдүү доскалар, экран жана башка көрсөтүүчү каражаттар менен жабдылган аудиториялар.

Жыйындар залы-семинарлар, илимий конференциялар, тегерек столдор жана башка академиялык иш-чараларды өткөрүүгө ылайыкташтырылган, аудио-видео жабдуулар, проектор жана Интернетке туташуу мүмкүнчүлүгү менен камсыздалган атайын зал.

Окуу кааналары-чакан тайпаларга бөлүнгөн тил сабактары жана семинардык практикалык сабактарды өткөрүү үчүн ылайыкташтырылган окуу кааналары. Бул аудиториялар окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында заманбап окутуу каражаттары, аудио-видео жабдуулар жана Интернетке туташуу мүмкүнчүлүгү менен камсыздалышы керек.

Китепкана-билим берүү процессинин маанилүү бөлүгү катары студенттерге кеңири маалымат булактарына жеткиликтүүлүктү камсыздашы зарыл. Ал санариптик жана басма материалдар менен камсыздалып, окуу программаларына ылайык жаңыланып турушу керек. Китепкананын фонду окуу жана илимий адабияттар, электрондук китептер, энциклопедиялар, сөздүктөр, маалыматтык-аныктамалык басылмалар, ошондой эле кесиптик жана илимий журналдар менен толукталууга тийиш.

Компьютердик класс-студенттерге жана окутуучуларга ар кандай программалык камсыздоолорду, маалымат базаларын, онлайн платформаларды колдонууга шарт түзүшү керек. Компьютердик класста Интернетке туташкан жогорку ылдамдыктагы компьютерлер, мультимедиялык жабдуулар жана интерактивдүү окутуу каражаттары болушу зарыл. Ошондой эле санариптик сабактарды өткөрүүгө ылайыкташтырылган программалар орнотулушу керек. Компьютердик класстар студенттердин практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берип, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, чыгармачылык жана инновациялык иш-аракеттерди колдоого тийиш.

Окуу-усулдук иш бөлмөлөрү- окутуучулардын кесиптик чеберчилигин жогорулатууга багытталган тренингдер, семинарлар жана усулдук кеңешмелер өткөрүлүп, жаңычыл педагогикалык ыкмалар иштелип чыгууга тийиш.

Спорттук зал-ар кандай спорттук иш-чараларды, машыгууларды жана дене тарбия сабактарын өткөрүүгө ылайыкташтырылып, заманбап жабдуулар менен камсыздалышы керек.

Ашкана-студенттердин жана окутуучулардын тамактануусун камсыз кылган, санитардык-гигиеналык талаптарга жооп берген, кең, таза жана ыңгайлуу шарттарга ээ болушу керек.

Жатакана-студенттердин жана окутуучулардын жашоосу үчүн ыңгайлуу шарттарды камсыз кылышы, санитардык-гигиеналык талаптарга жооп берип, кенен, таза жана коопсуз болушу керек. Ошондой эле, жатаканада өрт коопсуздугу сакталууга тийиш.

**9.4. Билимдердин сапатын баалоого талаптар**

9.4.1. Текшерүүнүн түрлөрү:

Билим алуучуларды учурдагы аттестациялоо окуу жай тарабынан иштелип чыккан жана тиешелүү кеңештер тарабынан бекитилген ички ченемдик-актардын негизинде, окуу семестринин ичинде жүргүзүлүшү керек.

Билим берүү программасын натыйжалуу ишке ашыруу жана билим сапатын жогорулатуу максатында билим алуучуларды жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо бир нече этаптан турат. Бул этаптар учурдагы текшерүүнү, аралык текшерүүнү, семестрдеги аттестациялоону жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтыйт.

Аралык текшерүү семестр ичинде жүргүзүлүп, анын саны жана тартиби билим берүү уюмунун ички ченемдик актыларына ылайык аныкталат. Бардык дисциплиналар боюнча семестрдин жыйынтыгында аттестация жүргүзүлүп, студенттин билими бааланат.

**9.5. Практиканы уюштурууга коюлган талаптар**

9.5.1. Практика жөнүндө жалпы жоболор

Билим берүү уюму бакалавр деңгээлиндеги билим берүү программалары боюнча окуп жаткан студенттер үчүн практикалар адистикке багытталган кесиптик компетенцияларды калыптандыруучу окуу процессинин маанилүү формасы болуп эсептелет.

Практиканын максаттары жана милдеттери тиешелүү окуу-усулдук бирикмелер тарабынан иштелип чыккан жана сунушталган практиканын жоболору аркылуу бекитилет. Билим берүү программаларынын алкагында ар бир студент билим берүү уюму тарабынан көрсөтүлгөн практиканын түрлөрүн өтөөгө милдеттүү.

**9.6. Жыйынтыктоочу аттестация**

9.6.1. Комплекстик жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакка талаптар жана эмгек сыйымдуулугунун (кредиттин саны) бөлүштүрүлүшүнө негиздемелер

Билим алуучуларды жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо толук окуу курсу аяктагандан кийин жүргүзүлөт. Мамлекеттик аттестациялык сынактардын түрлөрү жана уюштуруу тартиби Кыргыз Республикасынын жана билим берүү уюмунун ченемдик-укуктук актыларына ылайык, билим берүү уюму тарабынан аныкталат. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга академиялык карызы жок жана окуу планында көрсөтүлгөн бардык курстарды ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөр гана катыша алышат.

**9.6.2. Квалификациялык (дипломдук) ишти аткарууга талаптар, жана эмгек сыйымдуулугунун (кредиттин саны) бөлүштүрүлүшүнө негиздемелер**

Мамлекеттик жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация бакалавр квалификациялык ишин коргоону камтыйт. Мамлекеттик аттестациялык сыноо жождун кароосу менен киргизилет.

Бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишинин (бакалаврлык ишинин) мазмунуна, көлөмүнө жана түзүлүшүнө болгон талап, ошондой эле мамлекеттик экзаменге болгон талаптар жогорку окуу жайы тарабынан аныкталат.

Бакалаврдын бүтүрүүчү квалификациялык иши теологдорду даярдоодогу тандап алган профилге жооп бергидей практикалык багытта болушу керек.

Бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишинин мазмуну, көлөмү жана түзүлүшүнө жана ошондой эле мамлекеттик аттестациялык сынактарга болгон талап жогорку окуу жайы тарабынан аныкталат.

## 10-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН БАЗАЛЫК ОКУУ ПЛАНЫНЫН ҮЛГҮСҮ

| Блоктор | Циклдер | Циклдин багыттары | Дисциплиналар | Кредиттердин топторго бөлүнүшү | | | Сааттардын бөлүнүшү | | | 1-окуу жылы | | 2-окуу жылы | | 3-окуу жылы | | 4-окуу жылы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | A” | B" | C" | Баары | Аудтор иялык | СӨИ | 1- | 2- | 3- | 4- | 5- | 6- | 7- | 8- |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1-блок | 1-цикл. Жалпы билим берүү | Тилдик жана коммуникативди көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Soft skills көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | STEM көндүмдөр | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Дене тарбия | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 2-цикл. Жалпы кесиптик билим берүү | Жалпы кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 3-цикл. Кесиптик билим берүү | Кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2-блок | Практикалар | | | | | | | | | | | | | | | | |

| | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **3-блок** | **Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация** | | | | | | | | | | | | | | | |

Окуу планынын биринчи блогу үч негизги циклден турат: жалпы билим берүү цикли, жалпы кесиптик билим берүү цикли жана кесиптик билим берүү цикли.

Жалпы билим берүү цикли бир нече багыттарга бөлүнөт, алардын катарына “Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр”, “Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар”, “Soft skills көндүмдөр (жумшак көндүмдөр)” жана “STEM көндүмдөр” кирет. Бул багыттардын ар бирине үчтөн кем эмес дисциплина сунушталып, алардын каталогун билим берүү уюму аныктайт. Билим алуучулар сунушталган дисциплиналардын ичинен өз алдынча тандап окуй алышат.

Базалык окуу планындагы дисциплиналар милдеттүүлүк даражасы жана өздөштүрүүнүн ырааттуулугу боюнча «А», «В» жана «С» топторуна бөлүнөт.

«А» тобундагы дисциплиналар белгилүү бир ырааттуулукта өтүлүшү керек жана алар окуу планында көрсөтүлгөн семестрде милдеттүү түрдө окутулат.

«В» тобуна кирген дисциплиналар да милдеттүү болгондуктан, билим алуучулар аларды окуу жылдарынын кайсы гана болбосун семестрине жайгаштырып окуй алышат.

Ал эми «С» тобундагы дисциплиналарды студенттер өз каалоосу менен тандап, окуу планына ылайык белгиленген семестрде өтүшөт. Бул топто дисциплиналардын каталогу сунушталып, билим алуучулар ар бир каталогдон бир гана дисциплинаны тандай алышат. Ошондой эле, бир каталогго кирген дисциплиналар тектеш багытта болушу шарт.

«С» тобундагы дисциплиналардын негизги максаты – билим алуучуларга базалык окуу планынын «А» тобуна кирген дисциплиналарды тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк түзүү, эмгек рыногунун талабына ылайык кошумча компетенцияларды калыптандыруу жана бүтүрүүчүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу. Ошол эле учурда бул дисциплиналар илимдин жана техниканын өнүгүүсүнө жараша жыл сайын жаңыланып турушу мүмкүн.

*Эскертүү: Базалык окуу планы ушул үлгүгө ылайык 1-3-тиркемелерди колдонуу менен иштелип чыгат.*

*1-тиркеме*

**Базалык окуу планынын жалпы эмгек сыйымдуулугунун бөлүштүрүлүшү**

| **Базалык окуу планынын структурасы** | | | **Билим берүү программасынын блокторунун жана топторунун эмгек сыйымдуулугу (кредит)** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **1-блок** | **Дисциплиналар** | | **«А»** | **«В»** | **«С»** |
| | | | 202-216 кредит | | |
| | Циклдер | Жалпы билим берүү цикли | | 24 кредит | |
| | | Кесиптик цикл | 178-192 кредит | | |
| | | Жалпы кесиптик билим берүү цикли | - | 8 кредит** (20-25%) | - |
| | | Кесиптик билим берүү цикли | 40%-50% | 25%-30% | 25%-30% |
| **2- блок** | **Практика** | | 20-30 кредит | | |
| **3-блок** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | | 4-8 кредит | | |
| **Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | | | **240 кредиттен кем эмес** | | |

***Эскертүү:***

***– "В" тобундагы 8 кредит "Ишкердүүлүктүн негиздери" дисциплинасына 4 кредит жана "Илим изилдөөнүн негиздери" дисциплинасына 4 кредит бөлүнөт. Бул дисциплиналар туруктуу өнүгүүнүн максаттарына ылайык окутулат.*

*Жалпы кесиптик дисциплинар циклинин"В" тобунунун эмгек сыйымдуулугу - бекитилген 8 кредитти кошкондо 20-25 % түзөт.*

*2-тиркеме*

**Базалык окуу пландарындагы милдеттүү дисциплиналардын циклдер боюнча бөлүштүрүлүшү жана эмгек сыйымдуулугу**

| **Блоктор** | **Циклдер** | **Циклдин багыттары** | **Дисциплиналар** | **Кредиттердин топторго бөлүнүшү** | | | **Саатардын бөлүнүшү** | | | **1-окуу жылы** | | **2-окуу жылы** | | **3-окуу жылы** | | **4-окуу жылы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **“A”** | **“B”** | **“C”** | **Баары** | **Аудит.** | **СӨАИ** | **1-семестр** | **2-семестр** | **3-семестр** | **4-семестр** | **5-семестр** | **6-семестр** | **7-семестр** | **8-семестр** |
| **1-блок** | **1-цикл. Жалпы билим берүү (24 кредит)** | Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр | Кыргыз тили | | 4 | | | | | | | | | | | | |
| | | | Орус тили | | 4 | | | | | | | | | | | | |
| | | | Дисциплиналардын 4-каталогу Чет тилдери | | 4 | | | | | | | | | | | | |
| | | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар | Дисциплиналардын 1-каталогу (3-тиркеме) | | 4 | | | | | | | | | | | | |
| | | Soft skills көндүмдөр | Дисциплиналардын 2-каталогу (3-тиркеме) | | 4 | | | | | | | | | | | | |
| | | STEM көндүмдөр | Дисциплиналардын 3-каталогу (3-тиркеме) | | 4 | | | | | | | | | | | | |
| | | Кошумча дисциплиналар | Дене тарбия | | 240-360с | | | | | | | | | | | | |
| | **2-цикл. Жалпы кесиптик билим берүү** | Жалпы кесиптик дисциплиналар | Илим изилдөөнүн негиздери (Туруктуу өнүгүүнүн максаттарына ылайык) | | 4 | | | | | | | | | | | | |
| | | | Ишкердүүлүктүн негиздери (Туруктуу өнүгүүнүн максаттарына ылайык) | | 4 | | | | | | | | | | | | |
| | **3-цикл. Кесиптик билим берүү** | Кесиптик дисциплиналар | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **2-блок** | **Практикалар (20-30 кредит)** | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **3-блок** | **Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация (4-8 кредит)** | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | | | | **240 кредиттен кем эмес** | | | | | | | | | | | | | |

***3-тиркеме***

**Базалык окуу планынын “<u>Жалпы билим берүү цикли</u>” үчүн дисциплиналардын каталогу**

***Эскертүү**: Жалпы билим берүү циклинин “дисциплиналар каталогундагы” дисциплиналар студенттер тарабынан өз алдынча тандалат.*

| **Каталогдун номери** | **Каталогдун багыты** | **Каталогдогу дисциплиналардын аталыштары** | **Кредиттин көлөмү** |
|---|---|---|---|
| Дисциплиналардын 1-каталогу | Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар багыты | Ата мекен тарыхы, улуттук баалуулуктар жана маданият | 4 |
| | | Философия, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын философиясы | |
| | | Кыргызстандын географиясы | |
| | | Кесиптик чөйрөдөгү экологиялык билим жана маданият | |
| | | ... | |
| Дисциплиналардын 2-каталогу | **Soft skills** көндүмдөрү | Долбоордук практикум | 4 |
| | | Сынчыл ой жүгүртүү, ой жүгүртүүнү дизайндоо | |
| | | Өзүн-өзү тарбиялоо жана психология | |
| | | ... | |
| Дисциплиналардын 3-каталогу | **STEM** көндүмдөр | Тармактык математика | 4 |
| | | Кесиптик ишмердиктеги санарип технологиялары | |
| | | Заманбап табигый билим берүүнүн концепциясы | |
| | | ... | |
| Дисциплиналардын 4-каталогу | Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр | Англис тили | 4 |
| | | Кытай тили | |
| | | Корей тили | |
| | | Немец тили | |
| | | .... | |

**Билим берүү стандартын иштеп чыгуу үчүн түзүлгөн жумушчу топтун курамы:**

**Төрага**: Абдуганиев Асилбек Алимжанович-Теология факультетинин окуу иштери боюнча декандын орун басары, дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын кафедра башчысы, PhD ______________

**Мүчөлөр:**

**Теология факультетинин окутуучулук - профессордук курамынан:**

Кадыров Медербек Акбаралиевич – Факультеттин деканы, PhD, дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын доценти ______________

- Жусубалиев Али Бурканович – Факультеттин илимий иштер боюнча декандын орун басары, PhD, дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын доценти ______________

Ажимаматов Зайлабидин Касымович – PhD, дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын доценти ______________

- Арипов Ниязалы Турдалиевич – PhD, дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын доценти ______________

Зууридинов Өскөнбай Анаркулович- Факультеттин практика жетекчиси, дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын окутуучусу, ______________

**Иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөрдөн:**

Адилбек уулу Фурхатбек – Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын түштүк аймактык бөлүмүнүн башчысы ______________

Ибайдиллаев Хайрулло – Сулайман улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин директорунун орун басары ______________

Турсунбеков Абдималик – Ош облусунун мусулмандарынын казысынын орун басары, теология факультетинин бүтүрүүчүсү ______________

Шумкар Масиралиев Унун финансы-юридикалык колледжинин теология бөлүмүнүн башчысы ______________

Жаныбек уулу Кутман – Теология факультетинин бүтүрүүчүсү ______________

Шаисмаилов Тельман – №77 Хамза атындагы орто мектебинин "Диндердин өнүгүү тарыхы" мугалими, теология факультетинин бүтүрүүчүсү ______________

**Ата мекендик ЖОЖдордун (коллеждердин) кызматкерлерине**

Элболдуев Жеңишбек – Ислам академиясынын проректору ______________

Таштанова Айзада – PhD, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети теология факультети, кафедра башчысы ______________

- Кариев Айтмамат – PhD, Кыргыз-түрк Манас университетинин теология факультетинин доценти
- Бакыт Мурзараимов-Кыргыз-Түрк Манас университетинин теология факультетинин деканынын орун басары, доцент _____________
- Эргешов Эрмамат Калмурзаевич- Ислам Академиясынын ректору, _____________
- Жумабай уулу Ибрахим-БатМУ Ыйман гимназиясынын директору _____________

**Чет өлкөлүк ЖОЖдордун (колледждердин) кызматкерлеринен:**

- Ферхат Гокче – PhD, доцент, Анкара Йылдырым Беязыт университети теология факультети (Түркия) _____________
- Юсуф Гөкалп – PhD, профессор, Чукурова университети теология факультети (Түркия) _____________
- Достон Мустафоев – PhD. Имам Матуридий эларалык ислам изилдөө борбору (Өзбекстан) _____________
- Жахангир Нурматов – PhD, доцент, Ахмет Ясави атындагы эл аралык казак- түрк университети теология факультети _____________
- Махмуд Языжы-Доцент, Памуккале университети, теология факультети (Түркия) _____________
- Харун Абажы-Доцент, Памуккале университети, теология факультети (Түркия) _____________

**Йлимий уюмдардын жана академиялык түзүмдөрдөн, мамлекеттик жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн:**

- Туран уулу Жанузак – "Ыйман" коомдук фондунун төрагасы _____________
- Эсенов Бөрүмухаммед Бектөрөевич – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Пробация департаментинин Ош жана Баткен облустары боюнча аймак аралык башкармалыгынын начальнигинин орун басары _____________